## Жар болдун кимге жанылып.

Жай турмуш шарында агылып,

Жан элең жашоомдо табылып.

Жалган бир жалаага ишенип,

Жар болдуң кимге сен жаңылып?

Билбеймин, сен азыр кайдасың,

Билбедим кездешүү айласын.

Кезинде кече албай кеттикпи,

Кездешкен махабат дайрасын?

Күтөмүн дагы эле зарыгып,

Күтөөрсүң сен деле сагынып.

Ошентип өмүрдөн өтөөрбүз,

Табышмак тагдырга багынып..